«Бекитемин»

«РМУ»ББМнин ректору

к.м.н. Алымкулов М.Ч.

№ ___ «__» ____________ 20__ж.
«РМУ» ББМнин Окумуштуулар
кеңешинин протоколу
№____ от «___»_______20__ ж.

# «РОЭЛЬ МЕТРОПОЛИТЕН УНИВЕРСИТЕТИ» БИЛИМ БЕРҮҮ МЕКЕМЕСИНИН ОКУТУУЧУЛАРЫНЫН, КЫЗМАТКЕРЛЕРИНИН ЖАНА БИЛИМ АЛУУЧУЛАРЫНЫН ЭТИКАЛЫК КОДЕКСИ

Бишкек-2024

# I. ЖАЛПЫ ЖОБОЛОР

1.1.«РМУ» ББМнин окутуучуларынын, кызматкерлеринин жана билим алуучуларынын Этикалык кодекси (мындан ары — Кодекс) — бул «РМУ» ББМдеги ишкердик баарлашуунун моралдык-этикалык принциптерин, нормаларын жана жүрүм-турум эрежелерин аныктаган жергиликтүү ченемдик акт болуп саналат.

1.2.Кодекс Кыргыз Республикасынын Конституциясына, коррупцияга каршы аракеттенүү маселелерин жөнгө салуучу мыйзамдарга, Кыргыз Республикасынын «Билим берүү жөнүндө» Мыйзамына, башка мыйзам актыларына, «РМУ» ББМнин Уставына жана ички тартип эрежелерине ылайык иштелип чыккан.

1.3.Кодекс «РМУ» ББМнин окуу-педагогикалык, илимий, тарбиялык жана уюштуруучулук ишмердүүлүгүнүн руханий-адептик негиздерин чыңдоо жана өнүктүрүү максатында кабыл алынат.

1.4.Кодекс:

- жүрүм-турум стандарттарын сактоого;
- коомдук ишенимди бекемдөөгө;
- кызматкерлердин жана билим алуучулардын кесипкөйлүгүнө болгон ишенимди арттырууга;

университеттин аброюн жана имидин сактоого багытталган.

1.5.Кодекс «РМУ» ББМнин бардык түзүмдүк бөлүмдөрү үчүн бирдей милдеттүү болуп саналат.

1.6.Окутуучулар, кызматкерлер жана билим алуучулар ушул Кодекстеги нормаларды жана эрежелерди ыктыярдуу түрдө сактоо милдетин алышат.

.Кызматкерлер Кодекстин принциптерин эмгек келишимине кол коюу менен

кабыл алышат. Билим алуучулар жана бүтүрүүчүлөр университетти тандап, келишимге кол коюу менен Кодексти кабыл алышат.

1.8.Этикалык нормаларды сактоо кызматтык жана окуу милдеттерин аткаруунун милдеттүү шарты болуп саналат.

1.9.Кодекстин принциптери университеттин ичинде гана эмес, тышкы чөйрө менен болгон мамиледе дагы сакталууга тийиш.

1.10.Кодексте жөнгө салынбаган маселелер боюнча жалпы кабыл алынган жүрүм-турум нормалары колдонулат.

## II. ЖАЛПЫ ЭТИКАЛЫК ПРИНЦИПТЕР ЖАНА ЖҮРҮМ-ТУРУМ ЭРЕЖЕЛЕРИ

2.1.Адептүүлүк, университеттин кызыкчылыктарына берилгендик жана кесиптик милдетке жоопкерчилик — жүрүм-турумдун негизги этикалык стандарты болуп саналат.

2.2.Негизги этикалык принциптер:

- чынчылдык жана адилеттүүлүк;
- жөнөкөйлүк жана токтоолук;
- ак ниеттүүлүк жана жеке жоопкерчилик;
- сылыктык жана боорукерлик;
- кесипкөйлүк;
- этикалык нормаларды бузууга келишпестик.

2.3.Окутуучуларга, кызматкерлерге жана билим алуучуларга төмөнкүлөр сунушталат:

- Уставды жана ички тартип эрежелерин сактоо;
- жумушка жана окууга кечикпей келүү;
- ишкердик кийим стилин сактоо;
- жалпы маданияттуулукту көрсөтүү;

- бири-бирине «Сиз» деп кайрылуу;
- башка адамдардын укуктарын жана эркиндиктерин урматтоо;
- улуттук, диний жана саясий өзгөчөлүктөргө сабырдуулук менен мамиле кылуу;
- дискриминацияга жол бербөө;
- тамакты атайын белгиленген жерлерде ичүү;
- университеттин мүлкүнө аяр мамиле кылуу.

2.4.Маданий-массалык иш-чараларды өткөрүүдө бардык кызматкерлер жана студенттер колдоо көрсөтүүгө тийиш.

2.5.Сабак учурунда жана жыйындарда электрондук түзмөктөрдүн үн сигналдары өчүрүлүүгө тийиш.

2.6.Жыйындарда жана иш-чараларда сүйлөп жаткан адамдарга урмат көрсөтүлүшү керек.

2.7.Университет аймагында саясий жана идеологиялык үгүт жүргүзүүгө тыюу салынат.

2.8.Мас абалда келүүгө, спирт ичимдиктерин, баңгизаттарды колдонууга жана тамеки тартууга тыюу салынат.

## III. КОРРУПЦИЯНЫН АЛДЫН АЛУУ

3.1.Кызыкчылыктардын кагылышуусу пайда болгон учурда кызматкер жетекчисине билдирүүгө милдеттүү.

3.2.Ар бир адам коррупцияга жол бербөөгө көмөктөшүүгө милдеттүү.

3.3.Жеке маселелер боюнча мамлекеттик органдарга кайрылганда кызматкер өзүн университеттин өкүлү катары көрсөтпөшү керек.

3.4.Кызмат абалынан пайдаланып белек же башка пайда алууга тыюу салынат.

3.5.Кызматтык аракеттер үчүн сыйлык талап кылууга же сунуштоого болбойт.

3.6.Туулган күндөрдө жана үй-бүлөлүк майрамдарда кесиптештерден белек алууга уруксат берилет.

3.7.Кызматтык иш сапарларда алынган белектер университеттин менчигине өткөрүлүп берилет.

## IV. ОКУТУУЧУНУН КЕСИПТИК ЭТИКАСЫ

Окутуучу:

- кызматтык милдеттерин жогорку деңгээлде аткарууга;
- студенттер менен өз ара урматтоого негизделген мамиле түзүүгө;
- студенттерде жоопкерчилик, өз алдынчалуулук жана патриоттуулук сапаттарын өнүктүрүүгө;
- студенттерге карата адеп-ахлакка каршы ыкмаларды колдонбоого;
- кесиптештерин жана студенттерди жамандабоого;
- баа үчүн акча же белек талап кылбоого милдеттүү.

Окутуучу:

- кызматтык абалын саясий же диний ишмердүүлүккө пайдаланбоого;
- жумуш убактысында жеке иштер менен алектенбөөгө;
- университеттин кадыр-баркына шек келтирген аракеттерден алыс болууга тийиш.

## V. БИЛИМ АЛУУЧУНУН ЖҮРҮМ-ТУРУМ ЭТИКАСЫ

5.1.Билим алуучу өз мекенинин татыктуу жараны жана кесипкөй адис болууга умтулууга тийиш.

5.2.Студент университеттин салттарын урматтоого жана өнүктүрүүгө милдеттүү.

5.3.Университеттин кадыр-баркына шек келтирүүчү аракеттерге жол берилбейт.

5.4.Студент:

- сабактарга жоопкерчилик менен катышууга;
- академиялык чынчылдыкты сактоого;
- сабакка тоскоолдук кылбоого милдеттүү.

5.Оройлукка, кемсинтүүгө жана мыйзамсыз аракеттерге жол берилбейт.

5.6.Студенттердин чыгармачылык, илимий жана спорттук демилгелери колдоого алынат.

5.7.Студенттер ишкердик кийим стилин сактоого тийиш.

5.8.Китепкана жана университеттин мүлкү аяр пайдаланылышы керек.

5.9.Жатаканада жашаган студент:

- санитардык эрежелерди сактоого;
- төлөмдөрдү өз убагында төлөөгө;
- берилген мүлккө аяр мамиле кылууга милдеттүү.

5.10.Төмөнкүлөргө тыюу салынат:

- баңгизаттарды колдонуу;
- орой сөздөрдү колдонуу;
- тамеки тартуу;
- алкоголь колдонуу;
- агрессия көрсөтүү;
- сексуалдык асылуу;
- мыйзамсыз курал алып жүрүү;
- мыйзамсыз коммерциялык иш жүргүзүү.

5.11.Төмөнкү аракеттер мыйзамсыз деп эсептелет:

- уурулук;
- мүлктү бузуу;
- университеттин мүлкүн уруксатсыз алып чыгуу;
- вандализм.

5.12.Студенттер Ар-намыс сотторун түзүүгө укуктуу

## VI. БИЛИМ АЛУУЧУЛАР МЕНЕН ОКУТУУЧУЛАРДЫН ӨЗ АРА МАМИЛЕСИ

Студенттер:

- сабакка өз убагында келүүгө;
- окутуучуну ордунан туруп тосуп алууга;
- сабакта орой сүйлөбөөгө;
- башка студенттердин бааларын талкуулабоого милдеттүү.

Окутуучу:

- студенттин өтүнүчү боюнча коюлган бааны негиздөөгө милдеттүү.

## VII. «РМУ» ББМ КЫЗМАТКЕРЛЕРИНИН ЭТИКАСЫ

Кызматкерлер:

- өз ара жардамдашуу жана кызматташтык принциптерин сактоого;
- университеттин аброюн коргоого;
- жеке эмоцияларын кызматтык чечимдерге аралаштырбоого;
- кызматтык этиканы сактоого;
- жаңжалдарды алдын алууга милдеттүү.

## VIII. ТЫШКЫ ӨНӨКТӨШТӨР ЖАНА ЖМК МЕНЕН ӨЗ АРА АРАКЕТТЕНҮҮ

Бардык кызматкерлер жана студенттер:

- ишкердик этиканын жогорку стандарттарын сактоого;
- так маалымат берүүгө;
- университеттин аброюн колдоого;
- жалган маалымат таратпоого милдеттүү.

## IX. ЭТИКАЛЫК НОРМАЛАРДЫ БУЗУУЛАРДЫ КАРОО ТАРТИБИ

Этикалык маселелерди кароо үчүн Этика боюнча комиссия түзүлөт.

Комиссия:

- этикалык бузуу фактыларын аныктайт;
- профилактикалык иштерди жүргүзөт;
- сунуштарды берет.

## X. ЭТИКАЛЫК БУЗУУЛАРДЫН ТҮРЛӨРҮ

Бузуулар:

- олуттуу эмес;
- олуттуу болуп бөлүнөт.
- Кайталап бузуу олуттуу тартип бузууга айланышы мүмкүн.

## XI. КОМИССИЯНЫН ЧЕЧИМДЕРИНЕ ДАТТАНУУ

Кызматкер:

- комиссиянын чечимине 3 жумуш күнүнүн ичинде даттана алат;
- апелляциялык комиссия түзүлөт;
- чечим 7 жумуш күнүнүн ичинде чыгарылат.

## XII. ЖЫЙЫНТЫКТООЧУ ЖОБОЛОР

Кодекстин талаптарын сактоо:

- стажировкага жөнөтүүдө;
- мүнөздөмө берүүдө;
- аспирантурага сунуштоодо;
- сыйлоо же дисциплинардык чара көрүүдө эске алынат.